MANAS Din Bilimleri Dergisi (MDBD) 2025 Cilt: 4 Sayı: 2
Manas Journal of Religious Sciences (MJRS) 2025 Volume: 4 No: 2

Research Paper / Araştırma Makalesi

# Кыргыздын салттуу үй -бүлө түшүнүгү жана санариптик доор

Ayzat NARINBEKOVA [1]

**Аннотация**
Бул макалада мүнөздүү болгон салттуу үй-бүлө концепциясы менен азыркы санариптик доордун баалуулуктарынын ортосундагы айырмачылыктар жана алардын өз ара таасири талданат. Салттуу үй-бүлө – улууну урматтоо, ынтымак, ыймандуулук жана жамааттык жашоо принциптерине негизделет. Ал эми санариптик доор – ылдам маалымат, онлайн баарлашуу жана технологиялык көз карандуулук аркылуу жашоонун жаңы формасын сунуш кылууда. Изилдөөдө ушул эки дүйнөнүн кагылышы үй-бүлөлүк мамилелерге, ата-эне менен баланын ортосундагы байланыштарга, тарбия процессине кандайча таасир этери каралат. Санариптик технологиялар үй-бүлөлүк баарлашууну азайтып, социалдык алыстоону күчөтүшү мүмкүн, бирок ошол эле учурда билим алуу, байланыш жана өнүгүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү да жаратат. Салттуу маданият менен заманбап технологиянын ортосундагы тең салмактуулукту табуу — бүгүнкү кыргыз коомунун маанилүү максаттарынын бири болуп саналат. Бул изилдөөнүн максаты – салттуу баалуулуктарды жоготпой, аларды санариптик доорго ылайыкташтыруунун жолдоруна баа берүү. Кыргыз коому үчүн эң маанилүүсү — руханий жана маданий мурастарды сактоо менен бирге технологияны үй-бүлөнүн өнүгүшүнө кызмат кылдыруу. Санариптик доордун чакырыктарына карабастан, үй-бүлө коомдун өзөгү бойдон калышы керек.

**Ачкыч сөздөр:** Кыргыз, Салттуу Үй-Бүлө, Санариптик Доор

## The Traditional Family Concept of the Kyrgyz People in the Digital Age

**Abstract**
This article examines the differences and interactions between the traditional family concept and the values of the contemporary digital era. The traditional family is founded on respect for elders, harmony, spirituality, and communal living. In contrast, the digital age introduces a new form of life characterized by rapid information exchange, online communication, and technological dependence. The study explores how the intersection of these two worlds affects family relationships, parent-child communication, and the upbringing process. Digital technologies may reduce face-to-face family interactions and increase social distance, yet they also create new opportunities for learning, connectivity, and personal development. Achieving a balance between traditional culture and modern technology is a crucial goal for contemporary Kyrgyz society. The purpose of this research is to evaluate ways to adapt traditional values to the digital era without losing their essence. For Kyrgyz society, it is essential to preserve spiritual and cultural heritage while integrating technology as a tool for family development. Despite the challenges posed by the digital era, the family must remain the cornerstone of society.

**Keywords:** Kyrgyz, Traditional Family, Digital Era

[1]Yükseklisans - Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi, İlahiyat Fakültesi, musulmanka999.999@gmail.com, ORCID: 0009-0005-1727-1805

## Киришүү

Кыргыз элинин каада-салтын жана руханий баалуулуктарын негиздеген үй-бүлө институту бүгүнкү күндө санариптик доордун алып келген өзгөрүүлөрү менен жаңы шартта трансформацияланып жатат. Миңдеген жылдар бою уланган салттуу кыргыз үй-бүлө түзүмү тарыхый кырдаалдарга карабастан негизги маанисин сактап келген. Бирок акыркы жылдары, өзгөчө санариптик технологиялар күнүмдүк турмушка кеңири киргизилгенден кийин, бул өзгөрүүлөр өтө ылдам жана терең катмарда жүрүүдө. Бул макала салттуу үй-бүлөнүн түзүмүн санариптик доор шартында талдап, анын улуттук жана руханий баалуулуктарга тийгизген таасирин илимий жактан изилдөөнү максат кылат.

### 1. Салттуу үй-бүлө түшүнүгү жана анын коомдогу ролу

Салттуу үй-бүлө нике аркылуу түзүлүп, ата-эне менен баланын ортосундагы табигый туугандык байланыштарга таянган коомдук институт болуп эсептелет. Ал адамдын адеп-ахлагын, жүрүм-турумун жана коомдогу ордун аныктаган негизги чөйрө катары таанылат. “Кыргыз элинде үй-бүлө ар дайым коомдун социалдык-руханий көрсөткүчү болуу менен, мамлекеттин курамын түзгөн ар бир адамдын тарбиялык башатын чагылдырган адеп-ахлактык символ болуп эсептелет.”[2]

Салттуу кыргыз үй-бүлөсү көп учурда көп муундуу түзүлүшкө ээ болгон. Бир үйдүн ичинде чоң ата, чоң эне, ата-эне жана балдар чогуу жашап, бири-бирине таяныч болуп өмүр сүрүшкөн. Мындай жашоо формасы үй-бүлөнүн бекем болушуна, ошондой эле балдардын улуу муундун тажрыйбасы аркылуу тарбияланышына чоң мүмкүнчүлүк түзгөн.[3]

Үй-бүлөдө эркек негизинен материалдык камсыздоо, коопсуздук жана сырткы иштерге жоопкер катары кабыл алынган. Ал эми аял үйдүн уюткусу, бала тарбиялоонун негизги булагы  катары бааланган. Аялдын акылдуулугу, сабырдуулугу жана көрөгөчтүгү үй- бүлөдөгү ынтымакты сактоодо маанилүү роль ойнойт. Балдар болсо улуулардын акыл-насаатын угуп, тартипке, ыймандуулукка жана жоопкерчиликке тарбияланган.[4]

Салттуу үй-бүлө төмөнкү негизги функцияларды аткарат:

- инсандык сапаттарды калыптандырат;
- нравалык жана руханий баалуулуктарды сиңирет;
- коомдун туруктуулугун камсыз кылат;
- муундардын үзгүлтүксүз улануусуна негиз түзөт.[5]

---

[2] Рыскулова Г.У- Досалиева М.М, “Кыргыз Үй-Бүлөсүнүн Бала Тарбиялоодогу Баалуулуктары”, *Известия ВУЗов Кыргызстана* № 2, (2021), 273-б.
[3] Рыскулова- Досалиева, “Кыргыз Үй-Бүлөсүнүн Бала Тарбиялоодогу Баалуулуктары”, 273-б.
[4] Али Үнал, *Үй-бүлө маселелери социологиянын күзгүсүндө* (Бишкек: Maxprint, 2015), 211.
[5] Үнал, *Үй-бүлө маселелери социологиянын күзгүсүндө*, 23.

## 2. Санариптик доордун маңызы жана өзгөчөлүктөрү

Санариптик доор – бул маалымат технологиялары үстөмдүк кылган, адамдардын ортосундагы байланыш негизинен электрондук форматка өткөн доор. Интернет, социалдык тармактар, онлайн платформалар адамдын күнүмдүк жашоосунун ажырагыс бөлүгүнө айланды. Санариптик доорго социалдык тармактар гана эмес күнүбүздө колдонуп жаткан ар бир техника да кирет. “Мисалга алсак бүгүнкү күндө акылдуу үй системалары, санариптик жардамчылар жана IoT (интернет буюмдары) түзмөктөрү менен үйлөрүбүз глобалдык компаниялардын маалымат топтоо борборлоруна айланууда. Чет өлкөлүк акылдуу үй түзмөктөрү (мисалы, Amazon Alexa, Google Home ж.б.) үй-бүлө ичиндеги сүйлөшүүлөрүбүздү, жашоо көндүмдөрүбүздү жана балдарыбыздын өнүгүү процесстерин каттап турат”.[6]

Мисалы, акылдуу үй системасына туташкан коопсуздук камерасы үй-бүлө мүчөлөрүнүн ар бир кыймылын жазып, бул маалыматты миңдеген чакырым алыстагы серверлерге жиберет. Акылдуу муздаткычтар үй-бүлөнүн тамактануу маданиятын, термостаттар үй-бүлө мүчөлөрүнүн күнүмдүк адаттарын, ал тургай акылдуу теледидарлар үй-бүлө мүчөлөрүнүн көрүү тандоолорун жана эмоционалдык реакцияларын да талдай алат.

Бул доордун негизги белгилери жөнүндө Мануель Кастельс “Власть коммуникации” деген китебинде баяндайт :

- Маалыматка тез жетүү;
- Социалдык тармактар аркылуу байланыш;
- Онлайн билим алуу жана иштөө;
- Виртуалдык дүйнөнүн реалдуу турмушка таасири;
- Жасалма интеллекттин жайылышы.[7]

Санариптик доор адамга бир жагынан чоң мүмкүнчүлүк берсе, экинчи жагынан психологиялык, моралдык жана социалдык тобокелчиликтерди да кошо алып келди. Социалдык көз карандуулук үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы бекемдикти, ынтымакты ыдыратып, бир уяда жашаган адамдарды бир-биринен алыстатып жатат. Телефон жаш балдардан карыларга чейин күнүмдүк жашоосунун болбосо болбой турган бир бөлүгүнө айланып калды. “**We are Social** уюмунун 2024-жылы жарыялаган *Digital 2024* отчетуна ылайык, дүйнөдө күнүмдүк орточо социалдык медиа колдонуу убактысы **2 саат 23 мүнөт**. Андан да өкүнүчтүсү, Z мууну үчүн бул убакыт күнүнө **7 саатка** жетет.[8] Бул убакыт жаштардын үй-бүлөсү менен өткөргөн убактысынан көп.”

---

[6] Fatih Sinan Esen. “Algoritmik Hegemonya ve Dijital Çağda Türk Aile Yapısı”, Kriter Dergi( 01 Şubat 2025).

[7] Мануэль Кастельс, кот. Н.М. Тылевич, А.А. Архипова, *Власть коммуникации*. (Москва: Издательский дом Высшей школы экономики, 2023), Гл. 1–2.

[8] *We Are Social UK*, **“Digital 2024: Your Ultimate Guide to the Evolving Digital World”**, (2024).

## 3. Салттуу үй-бүлө менен санариптик доордун кагылышынын себептери

### a. Баалуулуктардын өзгөрүшү

Биздин салттуу үй-бүлө түшүнүгүбүз коллективдүү түзүлүшкө ээ. Салттуу үй-бүлөдө чоң ата, чоң апа, ата-эне, балдар, неберелер болуп жашоо нормалдуу болгон. “Карынын сөзүн капка сал”-деп балдардын тарбиясына чоң ата,апалар чоң үлөшүн кошкон. Салттуу коомдо уят-сыйт, намыс, жоопкерчилик жогору турган. Кыздарды турмушка, уулдарын башка элге узатып жатканда ата-энелер : “Балам ар-намысың менен жашап, адал эмгек кыл. Барган жериңде биздин бетибизди жер каратпа”-деп акылын айтышкан. Ошол үчүн да кыргыз элинде “Коёнду камыш, жигитти намыс өлтүрөт”-деп бекеринен айтпаса керек. Бул накыл кепти уккан жаштар уяты менен жашап чоң жоопкерчиликти аркалап, ата-эненин атына шек келтирбейин деп аракет кылган. Ал эми азыркы убакта батыштын күүсү жана санариптик дүйнөнүн таасири коллективдик түзүлүштөн жеке түзүлүшкө үндөп жатат. Социалдык жашоодо жеке эркиндик, өзүн көрсөтүү, социалдык статус биринчи орунга чыгууда. Бул болсо үй-бүлөлүк жоопкерчиликтин алсырашына алып келүүдө.

### b. Муундар ортосундагы ажырым

Мурда балдарды  карылардын сөзү, ата-эненин ак батасы тарбияласа күнүбүздө болсо блогерлер, жасалма интеллекттер тарбиялап жатат. Ушундан улам муундардын ортосунда ажырым пайда болуп, түшүнбөстүктөр болууда. Жаштардын түшүнүгүндө ата-энелери артта калып , алардын тарбиясынын “мөөнөтү бүтүп калгандай” сезилүүдө. Алар үчүн ата-эненин, тууган уруктун сөзү эмес, интернеттеги инфлюинсерлердин сөзү маанилүү болууда. Жаштардын түшүнүгүндө салт-санаа эмес “тренддер” чоң рол ойноп жатат.

### c. Тирүү баарлашуунун азайышы

Салттуу үй-бүлөдө бардык үй-бүлө мүчөлөрү бир дасторкон үстүндө биригип баарылашып көңүлдүү убакыт өткөрүшкөн. “Кеч киргенде үй-бүлө мүчөлөрү ашканага чогулушчу, ал жерде курсагын гана тойгузбастан, жан дүйнөсүн дагы азыктандырышчу”.[9] Чай үстүндө эле балдарга макал-лакап, жаңылмач, табышмактарды үйрөтүү менен эле адеп ахлакты сиңирип коюшкан. Ал эми азыркы үйдө ар ким өз гаджети менен алек болуп, реалдуу сүйлөшүү азайууда. Бир гана балдар гана эмес чоң ата-апалар, ата-энелер да гаджет менен алек. Бул болсо эмоцияналдык муздоого алып келүүдө. “**The Guardian** басылмасынан Кевин Роуллинсон билдиргендей, TikTokтун алгоритми балдардын алсыз жактарын аныктап, аны көз карандылык чекити катары колдонуп, платформада өткөргөн убактысын көбөйтүү үчүн зыяндуу контенттерди сунуштайт. Изилдөөлөргө ылайык, жаштар TikTok аккаунтун ачкандан болжол менен эки жарым мүнөт өткөндөн кийин өзүнө зыян келтирүү контенттери менен, ал эми сегиз мүнөттөн кийин тамактануу бузулуусу тууралуу контент менен таанышышы мүмкүн. Платформа 13 жашка чейинки **1,4 миллион** баланын колдонушуна уруксат берип, алардын жеке маалыматтарын мыйзамсыз иштетип, зыяндуу жана туура эмес

[9] Рыскулова- Досалиева, “Кыргыз Үй-Бүлөсүнүн Бала Тарбиялоодогу Баалуулуктары”, 275-б.

контенттерге дуушар кылгандыгы маалымдалган."[10] Бул абал үй-бүлөдөгү баарлашуунун сапатына терс таасир этип, муундан муунга маалымат жана тажрыйба берүү механизмин бузуп жатат. Өзгөчө кечки тамактануу жана үй-бүлөлүк жолугушуулар сыяктуу салттуу ритуалдар, ошондой эле руханий баалуулуктар менен үрп-адаттар, социалдык медиа аркылуу берилген контролсуз маалыматтар жана алгоритмдик таасирлердин таасири менен өзүнүн маанисин жана таасирлүүлүгүн жоготууда.

### d. Ажырашуунун көбөйүшү

Санариптик технологиялар адамдардын жашоо образын гана эмес, үй-бүлөлүк мамилелерди дагы түп-тамырынан өзгөрттү. Мурдагыдай сабырдуулук, чыдам, кечиримдүүлүк азайып, анын ордуна ылдамдык, жеңил чечим, эмоционалдык туруксуздук көбөйдү. Мисалы, аялы күйөөсү бири-биринин уюлдук телефондоруна жерин аныктоо тиркемелерин орноштуруп коюп, жашыруун текшерип турат. Бул сыяктуу тиркемелер коопсуздукка жардам берсе да ишенимди жоготуп, түшүнбөстүктөргө себеп болууда. Instagram, TikTok сыяктуу социалдык тармактарда көбүнчө идеалдуу үй-бүлө модели көрсөтүлүп келет. Бул идеалдуу үй-бүлө моделинен таасирленбей коюу чындыгында мүмкүн эмес. Кыргызда жакшы сөз бар эмеспи "Башканыкы кыздай, меники туздай"- дегендей интернеттеги адамдар менен өз жолдошун салыштырып, нааразы болгон жубайлар да аз эмес. Акыркы жылдарда ажырашуунун саны кескин көбөйүүдө. Статистикага карасак 2024-жылы — ажырашуулардын саны 13 397ге жетсе, 2025-жылдын январь-май мезгили аралыгында 14 706 жаңы нике катталып, анын ичинен 4 729 ажырашуу катталган — бул да ажырашуу көрсөткүчү дагы деле активдүү экенин көрсөтөт.[11] Кыргызстанда акыркы жылдарда нике жана ажырашуулар каттоо боюнча статистика өсүүдө. Кээ бир жылдарда ажырашуулар бир аз өсүп, бир аз түшүп турса да, жалпы статистика — ажырашуулардын санынын оңой эмес деңгээлде экенин көрсөтөт. Дүйнөдө ажырашуу көрсөткүчтөрү ар кандай. Көпчүлүк учурларда экономикалык жактан өнүккөн, технологиялык деңгээли жогору өлкөлөрдө ажырашуу деңгээли көбүрөөк байкалат. Бул көрүнүш, бир жагынан, коомдун либералдашышы, жеке эркиндиктин кеңейиши, гендердик теңчилик, аялдардын социалдык жана финансылык көз карандысыздыгы менен байланыштуу. Экинчи жагынан, мурдагыдай "никенин туруктуулугу жана узак убакыт бирге жашоо" түшүнүгү акырындык менен өзгөрүп жатат. Санариптик технологиялар да бул процесстерге таасир этүүчү факторлордун бири болуп эсептелет. Кыргыздын салттуу үй-бүлө түшунүгүндө никесиз карым-катнаштар тыюу салынган жана коомчулукта мындай көрүнүш көбүнчө намыс жана ыймандык баалуулуктар менен байланыштуу деп каралат.

### e. Жаш балдарда оорулардын көбөйүшү

Кыргыз эли маданий, руханий баалуулуктарга бай болгон эл. Бул баалулуктар атадан балага мурас катры сакталып келген. Салттуу үй-бүлөдө балдар төрөлгөндөн

[10] Kevin Rawlinson. " How TikTok's algorithm exploits the vulnerability of children". The Guardian (04-апрель 2023).
[11] Aldaba.kg. *"Кыргызстанда ажырашуулар көбөйүүдө"*. (16 июль 2024).

тарта салттуу оозеки чыгармалар менен тарбияланган. Эненин баланы бешике бөлөп жатып алдей алдей ырдоосу, жомок, дастандарды айтып берүүсү буга мисал боло алат. Баланын тили чыгып калган кезинде болсо жанылмачтарды, табышмактарды айтып берип тилин машыктырышчу. Бул оозеки баалуулуктар баланын акылын, кыялын, аң-сезимин өстүргөн. Жомок угуп чоңойгон балдардан актаңдай акын Токтогул Сатылганов, Жеңижок, Барпы аталарыбыздай залкар инсандар чыккан. "Кылымдап жашап, эл оозунда айтылып келген макал-лакаптардын таалим-тарбиялык, эстетикалык мазмунун эске алганда, эртеңки келечектеги балдарды тарбиялоодогу да зор маанисин эске алышыбыз керек"– деп айтсак болот[12]. Ал эми бүгүнкү үй-бүлө моделинде балдарга алдейди энелер эмес электрондук бешиктер ырдап калган заман. Баланын акылын, майда моторикасын өстүргөн табышмактарды аталар эмес YouTube, Duolingo сыяктуу программалар үйрөтүп калган. "Өлкөдө смартфон, гаджеттерге байланып калган жаш балдардын саны өсүүдө. Психологдор бул адат санариптик аутизмге алып келерин айтышып, ата-энелерге балдарды сактап калуу керектигин байма-бай эскертип келишет. Алардын айтымында, санариптик аутизмге кабылган балдар айлана-чөйрөсүндө болуп жаткан реалдуулуктан алыстап, виртуалдык жашоодо күн өткөрүп калышат. Дааналап айтканда, баланын бара-бара адамдар менен болгон алакасы солгундап, өзү менен өзү гана жүрө берген кайдыгер, тоң, түнт мүнөз күтүүсүнө жол ачат."[13] Гаджеттер менен көп убакыт өткөргөн балада болсо РАС, ЗПРР, ЗРР деген сыяктуу акыл оорулары пайда болууда. Бул оорулардын бирден бир себеби телефон жана ата-энелердин баласы менен аз баарылашуусу болуп саналат. маданиятын Бул туралуу балдар психологу Асел Сүйүнбаева мындай дейт: «Санариптик аутизм деген сөздүн маанисине токтолсок: санарип деген өзүңөр билгендей, интернетке байланыштуу гаджеттер. Булар балага өтө жаман таасирин тийгизет. Биз аны ата-энелерге айтып келе жатабыз. Ата-энелер билип туруп, ошону кылышат. «Эмне үчүн кылып жатат?» деген суроо туулат. Алар убактысын бошотууну каалашат. Акыркы күндө ушундай учурларды көп байкап жүрөм: бала тамак ичип жатканда ата-эне алдына телефонду коюп берип коёт. Ошону каратып, алаксытып, тамактандырып жатышат».[14]

2020-жылга чейинки жылдарда баланын тили чыгып сүйлөөсү 1 жаштан башталса , күнүбүздө 2,5 жашка чейин өстү. Күнүнө 2.5 сааттан ашык гаджеттерди караган балдарда сколиоз, кифоз , ашыкча салмактуулук сыяктуу ооруулар да өсүүдө. Бул оорулардын себеби кыймыл аракеттин аздыгы болуп жатат. Мурун балдар жылаңаяк топуракта, ташта ойноп, чүкө атып, ат минип жүргөндүгү үчүн мындай оорулар дээрлик кездешкен эмес.

[12] Г.У. Рыскулова. "Балдарды тарбиялоодогу макал-лакаптардын орду". *Известия ВУЗов Кыргызстана* №4,( 2016), 146-б.
[13] 7-канал, "Балаңыз эртеден кечке смартфон менен алекпи? Санариптик аутизмге кабылган балдар көбөйүүдө"(16-февраль 2023).
[14] 7 -канал, "Балаңыз эртеден кечке смартфон менен алекпи? Санариптик аутизмге кабылган балдар көбөйүүдө".

## 4. Санариптик доордо салттуу үй-бүлө баалуулуктарын кантип сактап калабыз?

Санариптик доордогу өзгөрүүлөр шартында үй-бүлө түзүмүн сактоо үчүн улуттук мазмундагы санариптик платформаларды өнүктүрүү маанилүү. Улуттук жана руханий баалуулуктарды чагылдырган контенттерди түзүү, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы байланышты бекемдеген тиркемелерди колдонуу жана муундарды жакындаткан долбоорлорду ишке ашыруу бул багытта оң натыйжа бере алат. Ошондой эле салттуу баалуулуктарды даңазалаган коомдук программалар үй-бүлөлүк тарбияны чыңдоого өбөлгө түзөт.

“Үй-бүлөлөр тарабынан кеңири медианын жана социалдык медианын билим берүү иш-чаралары жүргүзүлүшү керек. Бул үй-бүлөгө социалдык медианы түшүнүүгө, анын иштөө принциптерин билүүгө жана үй-бүлөлүк муктаждыктарын канааттандыруу үчүн туура колдонууга жардам берет”.[15] Бул аркылуу алар социалдык тармактардын мүмкүнчүлүктөрү менен катар терс таасирлери тууралуу да жетиштүү маалыматка ээ болушат. Социалдык медиага көз карандылыкты азайтуу үчүн үй-бүлөлүк эс алуу, биргелешкен иштер жана салттуу социалдык байланыштарды жандандыруу өзгөчө мааниге ээ.

Өз алдынча улуттук санариптик экосистеманы түзүү үй-бүлө институтун коргоо жагынан чоң мааниге ээ. Жергиликтүү платформалар маалымат коопсуздугун камсыз кылуу менен бирге улуттук маданий баалуулуктардын сакталышына кызмат кылышы керек. “Адистер жана таланттуу адамдар үй-бүлөлүк баалуулуктарды жайылтуучу аудио-видео клиптер жана билдирүүлөр түзүшү керек”[16]. Санариптик сабаттуулукка үйрөтүү технологияларды аң-сезимдүү колдонууга шарт түзүп, үй-бүлөлүк жана улуттук баалуулуктардын сакталышына жардам берет.

Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мыйзамдар үй-бүлөлүк жеке жашоону коргоого багытталып, заман талабына ылайык өркүндөтүлүшү зарыл. Ошол эле учурда чет өлкөлүк платформалар тарабынан маалымат топтоо процесси мамлекеттик деңгээлде көзөмөлдөнүшү керек.

## Корутунду

Бул изилдөө салттуу кыргыз үй-бүлөсү менен санариптик доордун баалуулуктарынын ортосундагы өзгөчөлүктөрдү жана кагылышууларды талдайт. Натыйжада, санариптик технологиялар үй-бүлөлүк баарлашууну жана муундар ортосундагы байланышты өзгөртүп, социалдык алыстоого себепкер болору аныкталды. Жаштардын интернет жана социалдык медиага көз карандылыгы салттуу тарбиялык механизмдерди алмаштырып, муундардын ортосундагы ажырымды күчөтүүдө. Ошондой эле, гаджеттерге байланыштуу психологиялык жана физикалык көйгөйлөр —

[15] Evaristus Chuma Nnamene, *« Impact of Social Media on Family Values ». Social and Family Journal of Education and Global Studie* No.1(Март, 2021), 392-б.

[16] Nnamene, “*Impact of Social Media on Family Values”, 392-б.*

мисалы, санариптик аутизм, сколиоз жана майда моторика менен байланышкан кыйынчылыктар — балдардын өнүгүшүнө терс таасир тийгизет.

Бирок санариптик доордун мүмкүнчүлүктөрү да бар. Албилим алууга, маалымат алууга жана үй-бүлөлүк мамилелерди бекемдөөгө жаңы жолдорду ачат. Ушундан улам, салттуу баалуулуктарды сактап калуу жана технологияны туура колдонуу тең салмактуулукту камсыздоодо маанилүү болуп эсептелет. Бул макалада сунушталган чаралар — улуттук санариптик платформаларды өнүктүрүү, үй-бүлөлүк медиа сабаттуулукту жогорулатуу жана аудио-видео контент аркылуу баалуулуктарды жайылтуу — үй-бүлөнүн руханий жана маданий мурастарын сактап, санариптик доордо да үй-бүлө институтун бекемдөөгө жардам берет.

Жыйынтыктап айтканда, санариптик технологияларды аң-сезимдүү колдонуу жана үй-бүлөлүк баалуулуктарды жайылтуу аркылуу, кыргыз үй-бүлөсү өзүнүн негизги ролун жана социалдык биримдигин сактап кала алат.

## Колдонулган адабияттар

7-канал,"Балаңыз эртеден кечке смартфон менен алекпи? Санариптик аутизмге кабылган балдар көбөйүүдө". 16-февраль 2023. Балаңыз эртеден кечке смартфон менен алекпи? Санариптик аутизмге кабылган балдар көбөйүүдө – 7-канал. Жаңылыктар - Кыргызстан

Aldaba.kg. *"*Кыргызстанда ажырашуулар көбөйүүдө*"*.16 июль 2024. https://www.aldaba.kg/news/3796/

Esen, Fatih Sinan. "Algoritmik Hegemonya ve Dijital Çağda Türk Aile Yapısı". *Kriter Dergi*. 01 Şubat 2025. Algoritmik Hegemonya ve Dijital Çağda Türk Aile Yapısı, Dosya / Toplum Fatih Sinan Esen | Kriter Dergi

Nnamene, Evaristus Chuma. « Impact of Social Media on Family Values ». *Social and Family Journal of Education and Global Studie* No.1. Март, 2021. 392-б. https://www.sfjesgs.com/index.php/SFJESGS/article/view/159

Rawlinson, Kevin. " How TikTok's algorithm exploits the vulnerability of children". *The Guardian*. 04-апрель 2023. https://www.theguardian.com/technology/2023/apr/04/how-tiktoks-algorithm-exploits-the- vulnerability-of-children

We Are Social UK, "Digital 2024: Your Ultimate Guide to the Evolving Digital World". 2024. https://wearesocial.com/uk/blog/2024/01/digital-2024

Кастельс, Мануэль. *Власть коммуникации*. кот. Н.М. Тылевич, А.А. Архипова. Москва: Издательский дом Высшей школы экономики, 2023. Гл. 1–2.

Рыскулова Г.У- Досалиева М.М, "Кыргыз Үй-Бүлөсүнүн Бала Тарбиялоодогу Баалуулуктары", *Известия ВУЗов Кыргызстана* № 2, (2021), 273-275б. ИВК_2_2021г_272-276.pdf - Яндекс Документы

Рыскулова, Г. У. "Балдарды тарбиялоодогу макал-лакаптардын орду". *Известия ВУЗов Кыргызстана*, №4, (2016), 146-б.

Үнал , Али. *Үй-бүлө маселелери социологиянын күзгүсүндө*. Бишкек: Maxprint, 2015.